Бою 50 жыл бери биздин транспорт жана машина куруу факультети республикада машина куруу, полиграфия жана транспорт жагында адистерди даярдоо боюнча жалгыз борбор болуп келет. Факультетин курамында 8 кафедра бар. Адистерди заманбап талаптарга жооп берген шарттарда, жогорку квалификациялуу окутуучулар (10 илимдин доктору, 30дан ашык кандидаттары) даярдайт. Факультет мурдагы "Политехтин" тарыхый жактан түзүлгөн каада-салттарын сактап жана өрчүтүп келет. Факультетте чет элдик өнөктөштөр менен байланыш Жакшы жолго коюлган жана ар кандай эл аралык ассоциациялардын мүчөсү болуп саналат. Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо магистратура, аспирантура жана докторантура аркылуу жүзөгө ашырылат. Илимий-изилдөө иштерин машина куруу жана металл иштетүү, транспорт, механика, материал таануу жана машина таануу боюнча эң маанилүү проблемаларды чечүүгө багытталган.

## «МЕТРОЛОГИЯ ЖАНА СТАНДАРТТАШТЫРУУ» минбары

**Минбар башчысы: т.и.д., проф. Алмаматов М. З.**
**☎ тел. 59-51-98 ауд. 3/205**

Республиканын соода тармагында «стандартташтыруу жана сертификаттоо» биринчи орунда турат.

Андыктан метрология, стандартташтыруу, сертификациялоо бүгүнкү күндө жогорку орунга коюлуп, КРнын ВТОго (бүткүл дүйнөлүк соода уюму) жана ЕТС га кирүү процессинин туракталышына ылайык, азыркы убакта бир гана «МС» минбары ушул адистиктерди даярдайт. Бул адистиктер азыркы күндө базар экономикасын өнүктүрүү үчүн абдан керектүү адистик болуп эсептелет. Стандартташтыруу жана сертификациялоо ыкмаларын дүйнөлүк деңгээлге чейин көтөрүү, өндүрүлгөн товарлардын сапатын баамдоо жана сапатын башкарууну үйрөнүү талапка ылайык.




**700400 – САПАТТЫ БАШКАРУУ**
**700600 – СТАНДАРТТАШТЫРУУ, СЕРТИФИКАТТОО ЖАНА МЕТРОЛОГИЯ**

Стандартташтыруу жана сертификацияда жогорку деңгээлдеги адистерди даярдоону МжС минбары 2001 жылдан баштап кабыл алуу жүргүзүп келет.

## «ПОЛИГРАФИЯ» минбары

**Кафедра башчысы т.и.к., доцент Жумагулов С.Ж..**
**ауд. 3/100 e-mail: beknur@ mail.ru**

**710200- МЕДИАӨНДҮРҮШТӨРДӨГҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА МААЛЫМДООЧУ СИСТЕМДЕР**
**740600 - ПОЛИГРАФИЯ**

**Полиграфия** (магистирлик, окумуштуу даража) окуу мөөнөтү 2 жыл

Азыркы убакта басма өндүрүштөрүн заманбап машинелер, жабдуулар жана санариптик тестөөлөрсүз элестете албайбыз. Колуңуздагы уюлдук телефонуңуздун бетинде келтирилген жазуулар, татынакай шөкөттөлүшү полиграфиянын үлүшү. Эми жакшылап ойлонсоңуз ар бир секундада полиграфия өндүрүшүнүн, медиаөндүрүшүнүн жетишкендиктерин колдоносуз: сыналгы, китептер, журналдар, кийип жүргөн кийимдер, көчөдөгү жарнактар, гезиттер, күндөлүк китепчелериңиз, сүйгөнүңүздүн сүрөтү жада калса түстүү түшүңүз, магниттик дисктер, кинотасмалар, мультфильмдер, угуп аткан хитмузыкаңар, капчыгыңыздагы акчалар, баалуу кагаздар, ичип аткан тамак ашыңардын оромунун жазалгаланышы, этикеткалар.



Окутуу электрондук каражаттар менен жүргүзүлөт. Электрондук китепканада окула турган 34 адистик сабактары 280 электрондук окуу куралдары менен жабдылган. Окуйм деген студент эртең менен саат 8ден кечки саат 8ге чейин интернетке кошулган компьютердик класста жеке компьютерде иштей алат. Күнүгө Москвадагы мамлекеттик басма университетинин профессорлорунун лекцияларын түзмө-түз (on-line) уга алаcыз жана скайп аркылуу суроо бере алаcыз.

Бизде окуган студенттер 3-курстан баштап дүйнө жүзүндөгү басылмалар конкурстарына катышып, иштеп акча таба алышат. Бизде андай студенттер ондоп саналат.

## «ТАШУУЛАРДЫ УЮШТУРУУ жана КЫЙМЫЛ КООПСУЗДУГУ» минбары

**Минбар башчысы – т.и.к., доц. Атабеков К.К.**
**☎ 54-51-39 ауд. 3/110**

Азыркы мезгилде жүк ташууну уюштуруу жана унаалардын кыймылынын коопсуздугун уюштуруу боюнча адистердин, биздин республикага керектиги талашсыз. Анткени өлкөдөгү жүк ташуунун 90% автоунааларга тийиштүү. Ошондуктан «УМ» минбары бул багытта төмөнкү адистиктер боюнча бакалаврларды даярдайт:

**670300-УНААЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН ТЕХНОЛОГИЯСЫ**

- **Унаада жүк ташууну уюштуруу жана башкаруу**
- **Жол кыймылынын коопсуздугун уюштуруу**
- **Унаадагы бажы кызматы**
- **Унаа логистикасы**
- **Эл аралык жүк ташуу**



Бул багыттагы бүтүрүүчүлөрдүн эмгектенүү чөйрөсү: менчиктин түрүнө карабастан ар кандай жүктү; жүргүнчүлөрдү ташууну уюштуруу; жол кыймылын уюштуруу кызматы; унаа инспекциясынын башкаруу органдары; мамлекеттик автоинспекциясы; шаарларда жана унаа жолдорундагы жол кыймылын уюштуруу кызматтары; транспорттук кызмат көрсөтүү агенттиктерин тейлөө жана изилдөө; маркетинг жана бажыкана кызматтары ж.б.

Минбардын курамында “В” жана “ВС” категориясындагы айдоочуларды даярдоо үчүн автоунаалар боюнча окутуу илимий-техникалык борбор түзүлгөн.

## «ИНЖЕНЕРДИК ПЕДАГОГИКА» минбары

**Минбар башчысы – т.и.к., доц. Дыканалиев К.М.**
**☎ 56-15-86 ауд. 3/214 e-mail: kalybek_1963@mail.ru**

**«КЕСИПТИК ОКУТУУ» адистиги** боюнча турмуштун өсүп-өнүгүшүнө жараша коомдо «*инженер-педагог*» адистерине болгон суроо-талап күндөн-күнгө өсүүдө, анткени, жалгыз эле өндүрүш үчүн эле адис болбостон, билим берүү системасына да ылайыктуу, ар тараптан жөндөмдүү адистердин керектиги талашсыз. Инженер-педагог катары студенттер келечекте өзүнүн педагогикалык чеберчилигинин өзгөчөлүктөрүн, кесипке окутуунун усулдарын, башкаруу психологиясы ж.б. ушул сыяктуу сабактарды өздөштүрүп, билим берүү тармагында **(ПЛ, техникум, ЖОЖ)** ар кандай техникалык сабактарды да окута алышат.

**550800 – КЕСИПТИК ОКУТУУ**
**550500 – ТЕХНОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ**



Ошол эле учурда, инженердик жөндөмдүүлүгүн өндүрүштүн ар кандай тармактарында төмөнкү кесипчиликтер боюнча көрсөтө алышат: ***компьютердик технологиялар, энергетика, автомобилди эксплуатациялоо, билим берүүнүн менеджменти, социалдык психология, кийим тигүүнүн технологиясы, тамак-аштын технологиясы, ж. б.***

Биздин көпчүлүк бүтүрүүчүлөрү өлкөбүздүн өндүрүштөрүнүн жана бирикмелердин ар кандай тармактарында жемиштүү эмгектенип жатышат. Бул адистиктин студенттерине инженердик кесипчиликтер 1-курсту аяктаган соң сунушталат.

Ошентип 4 жылдын ичинде, сиз эки кесиптин ээси болуу менен бирге, өз жөндөмдүүлүгүңүзгө жараша өндүрүштө же билим берүү системасынын мыкты адиси болуп, келечектеги турмуштун даңгыр жолуна тоскоолдуксуз кенен кадам шилтеген болосуз!

## «АВТОМАТТАШТЫРУУ ЖАНА РОБОТОТЕХНИКА» минбары

**Минбар башчысы - т.и. к., доц. Самсалиев А.А.**
**☎ 54-51-77 ауд. 1/324. e-mail: kazas@mail.ru**

Кафедра бакалаврларды, магистрларды жана аспиранттарды төмөнкү багыттар боюнча даярдайт:

**700300 - ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮ АВТОМАТТАШТЫРУУ** (тармактар боюнча)

**700500 – МЕХАТРОНИКА ЖАНА РОБОТТЕХНИКАСЫ**




Кафедранын бүтүрүүчүлөрү ар түрдүү чарбанын бөлүктөрүндө иштешет: машине курууда, жеңил өнөр жайында, тамак аш өндүрүшүндө, текстиль өнөр жайында, тоокен байлыгында, электротехникалык өндүрүштө. Бул даярдалуучу инженерлердин адистиги болуп, автоматташтырылган системаны өндүрүш процессине киргизүүнү башкаруу; металл кесүүчү тестерди жана жабдыктарды иштетүү, аларды ондоо жана сервистик кызмат көргөзүү; өндүрүштөгү роботторду эксплуатациялоо жана жаңыларын долбоорлоо;

диагностоочу жана көзөмөлдөөчү приборлорду таратуу жана ар түрдүү өндүрүшкө киргизүү, чыгарылуучу өндүрүмдүн сапатын текшерүүчү маалыматтык-өлчөө комплекстерин таратуу.

Internet жана КГТУнун корпоративдик кошулган компьютердик классы бар, ал жерде студенттер компьютердик технологияны өздөштүрүшөт, өндүрүштүк системанын программасын үйрөнүшөт, "Pro/Ingeneer", "Autocad", "Matcad" ж.б.у.с. программалардын тилдерин үйрөнүшөт.

**«АВТОУНАА» минбары**

**Минбар башчысы- т.и.д., проф. Давлятов У.Р.**

**☎ 54-51-78 ауд. 3/208**

Окуу күндүзгү жана аралыкта окутуу шартында, гранттык жана контракттык негизде жүргүзүлөт. Кыргыз республикасы үчүн автоунаа бөтөнчө мааниде экендиги белгилүү, анткени 98% жүктөр жана 99% жүргүнчүлөр так эле автоунаа аркылуу ташылат.

**670200 – ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МАШИНЕЛЕРДИ ЖАНА ЖАБДЫКТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ**



- **Автомобилдер жана автомобиль чарбасы**
- **Унаалык, технологиялык машинелерди жана жабдууларды пайдалануу жана тейлөө** (автосервис).

**750001 – ТЕМИР ЖОЛДУН КЫЙМЫЛДУУ КУРАМЫ – “Локомотивдер” адистиги**

Бүтүрүүчүлөр жогорку көрсөтүлгөн адистиктер боюнча мамлекеттик мекемелерде ар түрдүү менчик формадагы ишканаларда, автоунаа комплекстеринде, илим-изилдөө институттарында, автосервис, автомобилдерди техникалык жактан тейлөө, автомобилдерди сертификаттоо жана лицензиялоо мекемелеринде, автомобилдердин техникалык абалын текшерүү жумуштарын уюштуруу жана бажыканалык кызматтарда иштешет.

Кафедранын материалдык-техникалык базасы бүгүнкү күндүн талабына ылайык жана эл-аралык стандартка жооп берет.

**«МАШИНА КУРУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ» минбары**

**Минбар башчысы – т.и.к., доц. Трегубов А.В.**

**☎ 54 – 51 – 47 ауд . 4/203**

Кафедра 1955 – жылы негизделген.

Кафедра тарабынан 4000ден ашуун инженер-механиктер даярдалып чыккан жана ошонун ичинде 100гө жакын адистер, Куба, Афганистан, Боливия, Индия, Непал, Перу ж.б. тышкы өлкөлөрдөн студенттер окушкан.



Кафедранын 50-дөн ашык бүтүрүүчүлөрү техникалык илимдердин кандидаттары болуп калышты, 9 бүтүрүүчү техника илимдеринин доктору деген наамды алууга жетишкен.

Кафедранын көпчүлүк бүтүрүүчүлөрү өлкөбүздүн машине куруу өндүрүштөрүнүн жана бирикмелердин ири жетекчилери, өндүрүш уюштуруучулары, ал эми Ж. И. Ибраимов жана А. М. Муралиев болсо ар кайсы жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөт башчылары болуп эмгектенишкен.

Кафедра күндүзгү жана аралыктан окутуу формалары боюнча, бакалаврларды, магистрларды жана аспиранттарды (бюджеттик жана контракттык негизде) төмөнкү багыттар боюнча даярдайт.

**650300 - МАШИНЕ КУРУУ**

- **Машине куруунун технологиясы**
- **Машине куруунун технологиясы жана менеджменти**
- **Металлды басым менен иштетүү технологиясы жана жабдыктары**

**650100 - МАТЕРИАЛДАРДЫ ТААНУУ ЖАНА АЛАРДЫН ТЕХНОЛОГИЯСЫ**

- **Конструкциялык материалдардан буюмдарды долборлоо жана өндүрүү**
- **Материалдарды тануу, текзаттардын технологиясы жана каптоо**

КМТУнун МКТ кафедрасынын бүтүрүүчүсүнүн диплому өнүккөн өлкөлөр аркылуу таанылган жана өзүңүздүн кызыкчылыгыңызга байланыштуу жумуш тандоодо кеңири мүмкүнчүлүктү камсыздайт.

**САПАТТУУ БИЛИМ КЕЛЕЧЕГИНИЗДИН ПАЙДУБАЛЫ**

**Кирүүдөгү керектелүүчү документтер:**

- Орто билим тууралуу аттестат
- ЖРТ сертификаты (өзү менен)
- Мед. справка 086-У
- Паспорттун көчүрмөсү
- Аскердик күбөлүктүн көчүрмөсү (аскерге милдеттүүлөр үчүн)
- Сүрөт 6 шт. (3×4)


**Биздин дарек:**
**720044, Бишкек ш. Тынчтык пр.66,**
**КМТУ И. Раззаков ат,**
**1/204, т. 54-51-24**
**Кабыл алууу комиссиясы т. 54-19-21**
**Жооптуу катчы КК т. 49-25-40**
**Атайын сайты www.kstu.kg**
**Факультетин кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Жолдошов Маматаир Камалович**

**Тел. 0778 31 79 41 e-mail: jktair@mail.ru**





## И. РАЗЗАКОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ



# УНАА ЖАНА МАШИНЕ КУРУУ ФАКУЛЬТЕТИ

**Биздин факультетке тапшырыңыз!**
**Биздин диплом турмушуңуздагы ийгилиңизге кепилдик берет!!!**


**Декан – т. и. д., профессор**
**Маткеримов Таалайбек Ысманалиевич**
**тел. 54-51-24**

e-mail: talai_m@bk.ru


**БИШКЕК**